2019-77

**КЫРГЫЗСТАН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КР УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН**
**Дж. АЛЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ЭКОНОМИКА ИНСТИТУТУ**

**Д.08.18.572 Диссертациялык кеңеш**

Кол жазма укугу менен
УДК 388.71 (575.2)

**СУРАНЧИЕВА РОЗА ДЖЕКШЕНОВНА**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАСЫН МУНИЦИПАЛДЫК ДЕҢГЭЭЛДЕ ДАЯРДОО ПРОЦЕССИН ӨРКҮНДӨТҮҮ

08.00.05 – Экономика жана элдик чарбаны башкаруу

Экономика илимдеринин кандидатынын
илимий даража алуу үчүн жазган диссертациясынын
**авторефераты**

**Бишкек - 2019**

Диссертациялык иш М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетине караштуу Инновациялык экономика боюнча Илимий-изилдөө институтунда аткарылды

**Илимий жетекчи:** **Базарбаева Рахат Шамшиевна**
экономика илимдеринин доктору, доцент

**Расмий оппоненттер:** **Абдыров Толонбек Шакирович**
экономика илимдеринин доктору, профессор

**Дюшембиев Бакытбек Осмонович**
экономика илимдеринин кандидаты

**Жетектөөчү уюм:** К. Карасаев атындагы Бишкек Гуманитардык университетинин "Экономикалык программалар жана башкаруу" кафедрасы, дареги: 720044, Бишкек шаары, Ч. Айтматов просп., 27.

Диссертацияны коргоо 2019-жылдын 26-апрелинде саат 14-00дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Дж. Алышбаев атындагы Экономика институтуна жана Кыргызстан Эл аралык университетине караштуу Д.08.18.572 Диссертациялык кеңешинин жыйынында өтөт. Дареги: 720011, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а, диссертациялык зал (1-кабат).

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасында тааныша аласыз. Дареги: 720011, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а, ошондой эле диссертациялык кеңештин сайтынан таба аласыз: www.inec.kg

Автореферат 2019-жылдын 25-мартында таратылды.

Диссертациялык кеңештин
илимий катчысы
экономика илимдеринин кандидаты **Оторчиева А.Ж.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Бүгүнкү күндө базалык социалдык-экономикалык система катары региондордун өнүгүүсүн башкаруу коомдук жандандырууну башкаруунун жалпы мамлекеттик системасынын ажырагыс бөлүгүнө айлана баштады. Регион экономикалык мамилелердин субъектиси бойдон калууда. Мындай мамилелер өзүнүн өз алдынча аймактык саясатын түзүүгө тийиш. Бул саясаттын ишке ашырылышы экономикалык өнүгүүнүн деңгээлин жана калктын турмуш сапатын олуттуу даражада аныктайт. Өнүгүүнүн жалпы мамлекеттик жана тармактык программаларынан тышкары, региондогу социалдык-экономикалык кырдаалга таасирин тийгизген негизги аспап – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу (ЖӨБ) органдары иштеп чыккан өнүгүүнүн жергиликтүү (муниципалдык) пландары жана программалары.

Анткен менен, анализ көрсөткөндөй, өнүгүүнүн жергиликтүү (муниципалдык) пландары жана программалары улуттук жана аймактык деңгээлдердеги өнүгүү программалары менен көп жакшы байланышкан эмес; учурда колдо болгон социалдык-экономикалык өнүгүү (СЭӨ) программалары менен муниципалитеттердин бюджеттери өз ара байланышта эмес, алар макулдашылган тартипте даярдалып, бекитилбейт, убактысы боюнча аныкталган эмес. ЖӨБ органдарынын жетекчилери кайра-кайра алмаша бергендиктен жана кадрлар токтолбогондуктан мындай документтерди даярдоо жана бекитүү процесси ар кайсы ЖӨБ органында ар башкача уюштурулган. Бюджеттик кодекстин талаптарына ылайык, өнүгүү программалары калктын керектөөлөрүнө негизделүүгө тийиш. Бирок программаларды иштеп чыгуу аспаптары жок. Жогоруда баяндалгандардын натыйжасында, жергиликтүү деңгээлде СЭӨ пландарын жана программаларын даярдоо процессин өркүндөтүү маселеси бүгүнкү күндө актуалдуу болуп турат жана илимий изилдөөнү талап кылууда.

**Диссертациянын темасы менен ири илимий программалар ортосундагы байланыш.** Диссертациялык иштин темасы төмөнкү программалардын ишке ашырылышы менен байланышта: "2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы", "2018 – 2023-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын ЖӨБну өнүктүрүү программасы", 2018-2022-жылдардагы мезгилде КР Өнүктүрүү программасы: "Биримдик, ишеним, жаратмандык", ошондой эле 2018-2022-жылдарга аймактык саясат концепциясы.

**Изилдөөнүн максаты жана тапшырмалары.** Муниципалдык деңгээлде социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын даярдоонун механизмдерин өркүндөтүү **изилдөөнүн максаты** болуп саналат.

**Максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй тапшырмаларды аткаруу зарыл:**

– социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын даярдоонун теориялык жана методологиялык ыкмаларынын эволюциясын изилдеп чыгуу;

-Кыргыз Республикасында жылдык социалдык-экономикалык өнүгүү пландарын даярдоонун теориясына жана практикасына анализ жасоо;

-улуттук программалар муниципалдык деңгээлдеги калктын суроо-талаптары жана керектөөлөрү менен эмне үчүн чабал макулдашылып жаткан себептерин аныктоо;

-муниципалдык деңгээлде жылдык социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын баалоо боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу;

-муниципалдык деңгээлде социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын даярдап, макулдашуу механизмин өркүндөтүүгө сунуштарды берүү.

**Изилдөөнүн натыйжасында алынган илимий жаңылык.** Төмөнкүдөй жыйынтыктар илимий жаңылыктын элементтери болуп саналат:

-заманбап шарттарда жергиликтүү өнүгүү программаларын иштеп чыгуунун теориялык-методологиялык уңгусу негизделип, институционалдык экономикалык теориянын методологиялык принциптерине негиздеген ыкманы колдонуу зарылчылыгына басым жасалды;

-башкаруу системасында стратегиялык жана программалык документтердин иерархиясынын негизинде өнүгүү программаларын курууга карата системага салынган ыкма аныкталды; муниципалдык деңгээлден улуттук деңгээлге чейинки макулдашылган пландарды (программаларды) тизип чыгууга негизделген жергиликтүү өнүгүүнүн пландоонун модели сунушталды;

-жергиликтүү жамааттын муктаждыктарына жана шаардын/айылдык аймактын өнүгүүсүнө багыт алган өнүгүү программаларын даярдоо процессинин механизми сунушталды; бул процессти жөнгө салган ченемдик-укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу сунуштамалар берилди;

-ЖӨБ органдарынын өнүгүү программасынын эффективдүүлүгүн баалоонун көрсөткүчтөрүнүн системасы такталып, кеңейтилди;

-социалдык-экономикалык өнүгүү боюнча жергиликтүү программаларды даярдоонун методикасы иштелип чыгып, сунушталды. Бул методика бирдиктүү жылдык документте өнүгүү максаттарын, иш-чараларды, жергиликтүү жамааттын керектөөлөрүн каржылоо булактарын унификациялоого негизделген.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси:** ЖӨБ органдары шаардын жана айылдык аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын даярдап жатканда анын негизги жоболорун колдоно алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Бул болсо аймактардын экономикалык, финансылык жана социалдык саясатын түзүүдө эффективдүүлүктү жогорулатууга көмөктөшөт. Ошондой эле диссертациянын тыянактары жергиликтүү деңгээлде башкарууну пландоодогу көйгөйлөрдү мындан ары да илимий жактан изилдөө үчүн теориялык база катары кызмат кылат. Ошондой эле КРнын жогорку окуу жайларында "Аймактык саясат жана башкаруу", "Аймактык экономика", "Муниципалдык экономика" өңдүү сабактарда колдонулса болот.



**Алынган жыйынтыктардын экономикалык мааниси:** негизги теориялык жоболорду, тыянактарды жана жергиликтүү деңгээлде өнүгүү программаларын иштеп чыгуунун сунушталган моделин башкаруунун түрдүү органдарынын адистери тармактык өнүгүү программаларын даярдап жатканда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын финансылык бакубатчылыгын эсепке алуу менен колдоно алышат. Ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын иштеп чыгуунун сунушталып жаткан методикасы жергиликтүү деңгээлде бюджетти пландоо менен кошо Биргелешкен аракеттер планын түзүүнүн институционалдык өзөгүн жакшыртат.

**Коргоого коюлуп жаткан диссертациянын негизги жоболору:**

1. Жергиликтүү деңгээлде социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын иштеп чыгуу процессиндеги өзгөрүүлөрдү изилдөөнү институционалдык ыкманын негизинде жүргүзүш керек. Бул ыкма формалдуу интститтуттарга (мыйзамдар жана ченемдик-укуктук актылар) жана бейформал институттарга (салттар жана үрп-адаттар, жаш курактык топтордун жүрүм-турум эрежелери жана алардын экономикалык активдүүлүгү) жасалган анализди караштырат.

2. Жергиликтүү социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын пландоонун сунушталган модели жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде пландоо системасын мамлекеттик пландоонун бүтүн системасына макулдашып туруп "киргизүүгө" жол ачат. Бул болсо жогору турган деңгээлде жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын эсепке алуу менен "төмөндөн жогору карай" принциби менен "жогорудан төмөнү карай" принцибинин айкалыштыгын камсыз кылат. Ошондо, "жогорудан төмөнү карай" болгондо, жогоруда турган мамлекеттик органдар мамлекеттик программалардын регионалдык деңгээлде жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлинде ишке ашырылышын камсыз кылышат.

3. Биргелешкен иш-аракеттердин бирдиктүү жылдык планында өнүгүү максаттарын, каржылоо булактары менен кошо чараларды макулдашууга негизделген, муниципалдык деңгээлдеги социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын иштеп чыгуу методикасы дагы бир маанилүү тапшырманы аткарат: методика мамлекеттик жана тармактык программалар менен көбүрөөк макулдашууга жетүүгө, жергиликтүү жамааттын керектөөлөрүн эсепке алууга, бюджеттик саясаттын жана пландоонун инструменттерин интеграциялоого жол ачат.

4. Муниципалдык деңгээлде социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын баалоонун 18 көрсөткүчүн колдонуу конкреттүү ЖӨБОнун деңгээлинде объективдүү профилди жана көйгөйдүн статусун аныктоого жол ачат. Аларды социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын ишке ашырууда натыйжалуулугун жана эффективдүүлүгүн баалоо үчүн колдонууга болот; ошондой эле муниципалитеттин башчысынын ишине реалдуу баа берүү мүмкүнчүлүгү да пайда болот.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертациянын автору түрдүү деңгээлдеги социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын иштеп чыгуу системасын түзүүгө жана анын иштеп кетишине карата ар кандай ыкмаларды теориялык жактан жалпылап чыкты. Өз ара аракеттенүүнүн деңгээлдер ортосундагы пландоо модели иштелип чыгып, ЖӨБ органдары үчүн аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын иштеп чыгуу методикасы сунушталды. Авторлор даярдаган методикалык сунуштамалар "Шаарлардын жана айылдык аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын иштеп чыгуу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн методикалык колдономону" (КР Экономика министрлиги, ЖӨБЭММА, 2018-жылдын 15-майындагы №63 буйрук) талкуулоодо жана даярдоодо эсепке алынды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо жана киргизүү.** Эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана жыйынтыктары тууралуу баяндамалар жасалды: "Мамлекеттик бийлик бутактарынын, ЖӨБ органдарынын жана жарандардын консолидациясы жана эффективдүү өз ара аракеттенүүсү: ресурстар, эффективдүүлүк, ишеним" аттуу эл аралык конференцияда (Бишкек/Кыргызстан, 2015-жылдын 13-14-март күндөрү өттү); "ЕАЭБнын алкагында Борбор Азия өлкөлөрүнүн экономикасы: учурдагы абал, келечек, тобокелдиктер" аттуу жаш окумуштуулардын эл аралык конференциясында (Бишкек/Кыргызстан, 2016-жылдын 24-марты); "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" КРнын Мыйзамы боюнча ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун талкуулоо боюнча конференцияда (Бишкек, Кыргызстан, 2016-жылдын 20-июлу); "КРнын региондорун өнүктүрүүнүн максаттуу комплекстүү программасын түзүү" ЖОЖ аралык студенттердин илимий-практикалык конференциясында (Бишкек/Кыргызстан, 2016-жылдын 1-декабры). Диссертациянын негизги жоболору айыл өкмөт башчылары жана айылдык кеңештердин депутаттары үчүн өткөн окуу тренингдери маалында да апробацияланды. Бул тренингдер КР Мамлекеттик кадр кызматы, КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБ иштери жана этнос аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик жана Ханнс Зайдель Фонду биргелешип уюштурган курстун алкагында өттү (Бишкек шаары, 2016-жыл). Сунушталган модель жана методика Бородлой жана Гүлистан айылдык аймактарында (Чүй жана Ош облустары), Кара-Балта жана Каракол шаарларында (Ысык-Көл жана Чүй облустары) апробацияланды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышы.**

Негизги жоболор жана изилдөөнүн жүрүшүндө алынган тыянактар 8 илимий иште баяндалды. Алар жалпы көлөмү 5,2 басма барак болгон диссертациянын негизги мазмунун чагылдырат.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертациялык иш үч кириш сөздөн, үч главадан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен, тиркемелерден турат, жалпы көлөмү – 170 бет. Анын ичинде негизги текст – 150 бет, 23 таблица, 27 сүрөт жана 6 тиркеме бар. Колдонулган адабияттын тизмеси 111 аталыштан турат.



## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Кириш сөздө** теманын актуалдуулугу негизделип берилген, максаттары жана тапшырмалары аныкталган, алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы ачылып берилген, коргоого коюлуп жаткан негизги жоболор аныкталган, изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси негизделген.

**"Социалдык-экономикалык өнүгүү программасын иштеп чыгуунун теориялык жана методологиялык негиздери" аттуу биринчи главада** түрдүү экономикалык системаларда пландоонун маңызын түшүнүүгө карата теориялык жана методологиялык ыкмалардын эволюциясы, өнүгүү программаларын пландоонун эл аралык тажрыйбасы изилденген, жергиликтүү деңгээлде өнүгүү программаларын иштеп чыгууну изилдөөнүн методологиясы сунушталган. Бул методология институционалдык экономикалык теориянын методологиялык принциптерине негизделип, көрсөткүчтөрдүн системасы каралды.

Түрдүү экономикалык системаларда пландоого карата теориялык ыкмалардын анализи пландоо канчалык маанилүү жана зарыл болгонун көрсөтүүдө. 90-жылдардын башында ал буйрукчу (командалык-административдик) формада же пландоонун дагы да жумушак, индикативдүү формасында болгон (ишмердиктин экономикалык жөнгө салуучулары басымдуулук кылган элдик чарба планынын параметрлерин ишке ашыруу үчүн колдонуу менен) (1-табл. караңыз).

1.1-таблица – Пландоо процессин аныктоого карата теориялык ыкмалар

| ЫКМАНЫН АТАЛЫШЫ | ЫКМАНЫН МАҢЫЗЫ | КОЛДОНУЛГАН МЕЗГИЛИ | ЫКМАНЫН АВТОРЛОРУ |
|---|---|---|---|
| КОМАНДАЛЫК-АДМИНИСТРАТИВДИК ЭКОНОМИКА | | | |
| Генетикалык | Экстраполяцияга негизделген | 20-кылымдын 20-жылдарынын ортосунда | 1. Кондратьев Н.Д.<br>2. Базаров В.<br>3. Громан В. |
| Телеологиялык | Максаттарды жана тапшырмаларды коюуга негизделген | | 1. Струмилин С.Г. |
| Консервативдүү | Ишканалардын пландуу өз алдынчалуулугун көбөйтүү менен, буйрукчул пландоону сактап калуу | 20-кылымдын 60-жылдары | 1. Иванченко В.<br>2. Павлов В.С.,<br>3. Шпрыгин В.И. |
| Радикалдуу | Буйрукчул пландоодон баш тартып, аны индикативдүү пландоого алмаштыруу | | 1.Глазьев С.Ю. |
| РЫНОК ЭКОНОМИКАСЫ | | | |
| Индикативдүү | Мамлекеттик институттардын жана менчиктин бардык формасындагы чарба жүргүзүүчү субъекттердин тең укуктуу өз ара аракеттенүүсүнө негизделген индикативдүү пландоо. | 90-жылдардын башы | 1. Даллаго Б.<br>2. Койчуев Т.К.,<br>3. Мусакожоев Ш.М.,<br>4. Мусаева Ж.А. ,<br>5. Койчуманов Т.Дж. |

Булак: Автор тарабынан түзүлдү.

Жаңы көз карандысыз мамлекеттер, анын ичинде Кыргыз Республикасы (КР) да 90-жылдардын башында трансформациялоонун ар кандай траекториялары боюнча өнүгө баштаган. Бул болсо ошол кездеги социалдык-экономикалык шарттар, улуттук өзгөчөлүктөр жана лидерлердин көз караштары менен шартталган.

Өткөөл мезгил иш жүзүндө административдик-командалык экономиканын бардык институттарынын талкалануусу менен мүнөздөлгөн. Ошондуктан институционалдык жетишсиздик байкала баштаган. Өндүрүштү борбордон пландоонун жоюлушу жана бааларды либералдаштыруу өлкөнүн экономикалык абалынын кескин начарлашына алып келген. Көптөгөн кыргызстандык окумуштуулардын изилдөөлөрү КРнын эгемендик мезгилиндеги экономикалык жана саясий көйгөйлөрүнө жасалган анализге арналган. Т.Койчуевдин, Ш. Мусакожоевдин, Т. Койчумановдун, К.Идиновдун, Ж. Мусаеванын, А. Асанованын, А. Аюповдун, Р. Базарбаеванын ж.б. илимий эмгектери

трансформациялык өзгөрүүлөрдүн түрдүү өнүттөрүнө, мамлекеттин экономикалык саясатынын соңку жыйынтыктарын баалоого арналган.

Бул мезгилде жергиликтүү экономикалык өнүгүүдөгү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы көйгөйлөргө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын деңгээлинде пландоого жетиштүү көңүл бурулган эмес. Бирок дал ушул институт коомдук бийликти уюштуруунун маанилүү элементи болуп саналат. Бул институттун өзүнүн өзгөчөлүгү бар, ал эки ача мүнөзгө ээ: саясий жана коомдук. Бир жагынан ЖӨБ органдары өлкөнү башкаруунун бирдиктүү системасына киргизилген. ЖӨБ органдары бюджетти өз алдынча түзө алышат, салыктарды белгилеп, чогултууга укуктуу. Экинчи жагынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу жарандык коомдун өтө маанилүү элементи болуп саналат, жергиликтүү жамааттардын саясий жактан өзүн өзү уюштуруу формасына ээ.

Ата мекендик жана чет өлкөлүк тажрыйбанын негизинде социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын түзүүнүн методологиялык ыкмаларына жасалган анализди эсепке алуу менен, рынок экономикасынын шарттарында жергиликтүү деңгээлде социалдык-экономикалык программаларды пландоодогу көйгөйлөрдү изилдөөнү институционалдык ыкманын негизинде жүзөгө ашыруу сунушталат.

Төмөнкүлөр институционалдык ыкманын негизги принциптери болуп саналат: көйгөйлөрдү дисциплиналар аралык ыкманын негизинде кароо, б.а., СЭӨ программаларын иштеп чыгып, түзүү процессине экономикалык факторлордун гана эмес, ошону менен бирге маданий-идеологиялык, укуктук, саясий ж.б. факторлордун да тийгизген таасирине анализ жасоо. Ошондой эле институционалдык экономикалык теорияда белгилүү болгон “path dependence” (буга чейинки өнүгүүнүн траекториясынан көз карандуулук) ыкмасынын негизинде талдоо жүргүзсө болот. Ошондой эле көп баскычтуу анализ принцибин колдонуу сунушталат, бул принцип жергиликтүү деңгээлде пландоонун маанилүү бөлүгү болууга тийиш жана өлкө жетекчилиги жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктары менен макулдашып аныктаган программалык артыкчылыктарга негизделүүгө тийиш. Буга байланыштуу, биздин баамыбызда, институционалдык өзгөрүүлөрдүн программасынын моделин даярдоо зарыл. Бул моделде институттардын өнүгүү вектору жана кадамдардын конкреттүү топтому аныкталат (мунун арты менен өзгөрүүлөр мүмкүн болот), реформа жүргүзүүдө конкреттүү аткаруучулар аталат, тиешелүү аспаптар жана усулдар тандалып алынат. Реформаны ишке ашыруу үчүн түрдүү ресурстар (адамдар, жабдуулар, материалдар, технологиялар, чөйрө) колдонулат.

Аймактын СЭӨ планынын көрсөткүчтөр системасы пландоо процессинин өзгөчөлүгү болуп саналат. Башкача айтканда, бир жагынан пландоо – бул максатты коюп, ага жетүүнүн жолдорун аныктоо. Экинчи жагынан – бул өз ара байланышта болгон көрсөткүчтөрдүн топтомун иштеп чыгуу. Ал эми бул көрсөткүчтөр максатка жетүү үчүн тандалып алынган жол туура болгонун мүнөздөп, ушул процессти түзөтүп турууга жол берет. Мунун баары толугу менен жергиликтүү өнүгүү программаларын иштеп чыгууга да тиешелүү. Программанын көрсөткүчтөрүнүн системасын иштеп чыгуу анын ажырагыс курама бөлүгү болуп калып, алардын эффективдүүлүгүн баалоого жол ачат. Биздин өлкөдө бул практика эми гана колдонула баштады жана институционалдык жагынан алганда жаңыдан бекитилип келатат. ЖӨБ органдарынын программалык ишинин жыйынтыгы катары муниципалитеттердеги жашоо деңгээлин изилдөөдөгү келечектүү багыт – бул



баалоонун жүйөлүү көрсөткүчтөрү гана эмес. Бул, ошондой эле, көп өлчөмдүү статистикалык анализдин аппаратын өркүндөтүү. Ал социалдык индикаторлордун топтому боюнча муниципалитеттердин типологизациялоосу үчүн да колдонулат. Шаарларда, айылдарда турмуш сапаты бир катар параметрлер боюнча аныкталат. Бул параметрлер статистикада туруктуу белгиленбей келет. Мисалы, коомдук транспорттун иши начарлаганы, коммуналдык кызматтардын (суу менен жабдуу, таштанды чыгаруу ж.б.) иш сапаты төмөндөгөнү ж.б.

Шаардын, айылдык аймактын СЭӨ негизги көрсөткүчтөрүндөгү өзгөрүүнүн динамикасын изилдөө анализдин өзөгүн түзүшү керек. Биз көрсөткүчтөрдү аныктоонун критерийлерин сунуштайбыз: “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамында белгиленген жергиликтүү маанидеги маселелердин аткарылышын мүнөздөйт; мамлекеттик органдар өткөрүп берген ыйгарым укуктардын аткарылышын мүнөздөйт; муниципалдык башкаруу чөйрөсүндө ЖӨБ органдарынын ишинин эффективдүүлүгүн, анын ичинде жергиликтүү бюджеттин каражаттарын башкаруудагы эффективдүүлүктү мүнөздөйт; шаардын, жалпысынан айылдык аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлин мүнөздөйт.

Пландоодогу тактыкты жогорулатып, жоопкерчиликти бөлүштүрүү үчүн мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу үчүн көрсөткүчтөрдү бөлүп берүү сунушталат. Өнүгүү программаларын ишке ашыруудагы эффективдүүлүктү баалоону тиешелүү жыл ичинде иш жүзүндө жетишилген көрсөткүчтөр менен аныктоо сунушалат. Мында максаттуу көрсөткүчтөрдүн мааниси бир жылга бекитилет. Сунушталып жаткан 18 көрсөткүч 484 муниципалитетке программалардын аткарылышы боюнча маалыматты түзүүгө жардам берет. Бул ошондой эле райондук, облустук деңгээл үчүн, жалпысынан республика үчүн да базалык маалымат катары кызмат кылат.


Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, СЭӨ программаларын иштеп чыгуудагы көйгөйлөрдү изилдөөнү институционалдык ыкманын методологиясынын негизинде жүзөгө ашыруу зарыл деп эсептейбиз. Бул болсо муниципалитеттин туруктуу өнүгүү программаларын даярдап жатканда экономикалык, социалдык жана саясий мүнөздөгү динамикалуу процесстерди көңүлгө алууга жардам берет. Ошондой эле жергиликтүү деңгээлде пландоо процессин башкаруунун механизмдерин иштеп чыгууга жол ачат.

**“Муниципалдык деңгээлде социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын даярдоонун теориясына жана практикасына анализ” аттуу экинчи главада** муниципалитеттердин социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын пландоонун азыркы практикасынын маселелери каралды, пландоо системасынын ченемдик-укуктук базасы изилденди, ошондой эле институционалдык камсыздоосу жана жергиликтүү бюджетти эсепке алуу менен пландоонун өзгөчөлүгү каралды.

Бүгүнкү күндө мамлекеттин стратегиялык жана программалык документтеринде чагылдырылган экономикалык саясаты менен экономиканы башкаруунун иш жүзүндөгү чыныгы практикасы бири-бирине коошпой калган учурлар аз эмес. Пландоону уюштуруу боюнча өлкөдө олуттуу тажрыйба жана практика бар болгонуна карабастан, айылдык аймактардын жана шаарлардын деңгээлинде иштелип чыккан социалдык-экономикалык өнүгүү программалары жана башка программалык документтер канааттандырбайт. Эрежеге ылайык, жогоруда саналган программалардын баарын ишке ашырууга айрым себептер бут тосууда. Мисалы, ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктары жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмеги менен чектелип калган. Ошондой эле

мамлекеттик органдар өткөрүп берген ыйгарым укуктар да ЖӨБ органдарын чектеп жатат. Мындан тышкары, бир кыйла мамлекеттик программалар "билдирүүчү" мүнөзгө ээ, аларда өнүгүүнүн белгилүү бир индикаторлору берилген, бирок шаардын же айылдын деңгээлине чейин ишке ашыруунун деталдуу механизмдери каралган эмес. Эрежеге ылайык, мындай программаларды административдик жол менен гана аткаруу "жогорудан төмөндү карай" райондун деңгээлине чейин пландалат. Ал эми муниципалитет аткаруучу катары ЧУАга жөн гана киргизилет. Мындай учурда ЖӨБ органдарынын мүмкүнчүлүктөрү эсепке алынбайт, алардын башкаруучулук потенциалына баа берилбейт жана жеринде социалдык капитал каралбайт.


Жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизинде муниципалитеттин социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын иштеп чыгууда төмөнкүдөй көйгөйлөр аныкталды (2.1-сүрөттү караңыз).




2.1-сүрөт. КР муниципалитеттеринин социалдык-экономикалык өнүгүүсүн пландоодо бар болгон көйгөйлөрдүн иерархиясы Булак: Автор тарабынан түзүлдү

Анализдин жүрүшүндө аныкталган көйгөйлөрдү СЭӨ программаларын түзүүнүн регламентин киргизип жатканда эсепке алуу зарыл. Мында мамлекеттик программалардын максаттуу көрсөткүчтөрүн муниципалдык өнүгүү программалары менен интеграциялоо жол-жоболору каралат.

Жергиликтүү деңгээл үчүн институционалдык чөйрөнүн тыгыздык динамикасын баалоо жолу менен ЖӨБОнун институционалдык өнүгүү деңгээлине жасалган анализ өсүш тенденциясын көрсөтүүдө. Бирок 2016-жылы төмөндөө байкалган. Бул институционалдык чөйрөнүн тыгыздыктын жогорку деңгээлге жетүүсү менен да, муниципалдык деңгээлде ченем чыгаруу ишинин активдүүлүгү төмөндөгөнү менен да шартталган. Кабыл алынган ЧУАлардын саны өтө көп болуп, бирок аларды ар тараптан ишке ашыруунун механизмдерин түзүү деңгээли төмөн болгону мына ушундай көрүнүштү жаратты. Мындан улам региондордун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн пландоо менен аны башкаруунун түздөн түз практикасы ортосунда чоң ажырым пайда болду (2.2-сүрөттү караңыз).






2.2-сүрөт. 2000-жылдан 2016-жылга чейин Кыргызстандагы ЖӨБО кабыл алган ЧУАнын динамикасы (% менен) Булак: Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин маалыматынын негизинде автор тарабынан түзүлдү

Мунун негизинде 2014-жылдан 2018-жылга чейинки мезгил аралыгында КРда бекитилген методикалар менен жергиликтүү өнүгүү программаларын даярдоого карата автор сунуштаган ыкмалар ортосундагы окшоштуктарга жана айырмаларга анализ жасалды (2.1-таблицаны караңыз)

2.1-таблица – Жергиликтүү өнүгүү программаларын иштеп чыгуу методикаларын салыштыруу

| Салыштыруу үчүн көрсөткүчтөр | КР Экономика министрлигинин методикалары | | Автордун методикасы |
|---|---|---|---|
| | Туруктуу өнүгүүнүн стратегиялык пландоо боюнча методология | Шаардын/айылдык аймактын өнүгүү программасын иштеп чыгуу боюнча методика | Муниципалдык деңгээлде өнүгүү программаларын даярдоо методикасы |
| Даярдалган/кабыл алынган күнү | 2014-жыл | 2018-жыл | 2017-2019-жылдар |
| Колдонуудагы Өлкөнү өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы (ӨУС) менен байланышы | 2013-2017-жылдарга ӨУС кабыл алынгандан кийин кабыл алынган | 2018-2040-жылдарга ӨУСту кабыл алганга чейин эле кабыл алынган | 2018-2040-жылдарга ӨУСту даярдоо мезгилинде иштелип чыккан |
| Программанын мазмуну жана формасы тууралуу маалыматтар | Бар | Бар | Бар |
| Пландоо процесстери жана жол-жоболору тууралуу маалыматтар | Бар | Бар | Бар |
| Жергиликтүү жамааттын демилгелеринин артыкчылыктуулугу | Жок | Бар | Бар |
| Сектор аралык, анын ичинде рыноктук структуралар менен интеграцияланган ыкманын болушу | Жок | Ооба | Ооба |
| Программада мамлекеттик жана тармактык программалардын тапшырмаларынын жана чараларынын эсепке алынышы (чагылдырылышы) | Жок | Бар | Бар |
| Өнүгүү программаларын иштеп чыгууда өзгөчөлүк жана фокус | Экономикалык процесстердин жана айлана-чөйрөнүн абалынын өз ара байланышы | Өнүгүү лидерлерин (шаарларды) жана таяныч аймактарды өсүш чекити ката-ры колдоо | Программаны даярдоодо институционалдык камсыздоо (жергиликтүү бюджеттер менен өз ара байланышта даярдалган план) |
| Өз ара аракеттенүү механизмдерин институционалдаштыруу жана түрдүү деңгээлдеги өнүгүү программаларын макулдашуу | Жок | Ооба | Ооба |
| Андан дагы жогорку деңгээлдеги пландарда жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктуу керектөөлөрүн чагылдыруу зарылчылыгы жана мүмкүнчүлүгү | Жок | Жарым-жартылай | Ооба |
| Жүрүм-турумдук өнүттү, ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттын өнүгүү программаларын иштеп чыгууга даярдыгын эсепке алуу | Жок | Жок | Ооба, социалдык өнүтү эсепке алынды |
| Программаларды иштеп чыгуу процесси менен, аны бюджеттөө ортосундагы өз ара байланыш | Жок | Бөлөк документтер | Кеңири, план менен кошо иштелип чыккан |
| Өнүгүү программаларын иштеп чыгууда тобокелдиктердин эсепке алынышы | Жок | Ооба | Ооба |
| Программанын эффективдүүлүгүнө мониторинг жана баалоо жүргүзүү көрсөткүчтөрүнүн структурага салынышы | Жок | Жок | Ооба |
| Ресурстар менен камсыздалганына жараша өнүгүү програм-маларын иштеп чыгууга карата концептуалдык ыкмада бир нече варианттын бар болушу | Жок | Жок | Ооба |
| Кыргызстанда программаларды иштеп чыгууда институционалдык чөйрөнүн эсепке алынышы | Жок | Жок | Ооба |


Булак: Автор тарабынан түзүлдү.

Ошентип, **методикаларды иштеп чыгуу көрсөтмөлүү мүнөзгө ээ, көпчүлүк жергиликтүү органдардын арасында пландоо жана**

**программалык башкаруу практикасы боюнча тажрыйба жетишсиз.** Бишкек, Ош өңдүү ири шаарларда жана облустук маанидеги айрым шаарларда пландоо системасы жигердүү өнүгүп, бул даярдалган өнүгүү программаларында көрүнүүдө. Ошол эле маалда чакан муниципалитеттер бул технологияны өздөштүрө элек.

Олуттуу боштуктар бюджетти пландоо процессинде да байкалууда. Изилдөө көрсөткөндөй, муниципалитеттер пландарды жана программаларды түзүшөт, тагыраак айтканда жылдан жылга көчүрүп жазышууда. Ошону менен бирге акча каражаты менен камсыздоо каралган эмес жана бөлүштүрүлүп берилбейт. Мында КР Бюджеттик кодексинин жол-жоболору сакталбай жатат. Кодекстин 17-главасында "Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору ... аймактарды өнүктүрүү стратегиясынын/программаларынын негизинде түзүлөт" деп көрсөтүлгөн.

КРнын жергиликтүү бюджеттеринин кирешелер жана чыгашалар беренелерини тууралуу статистикалык маалыматтарга жасалган анализдин негизинде бир тыянакты жасоого болот: 2017-жылы КР жергиликтүү бюджеттеринин чыгаша бөлүгү 19 млрд. 528 млн. 458,6 миң сомду түзгөн. Бул болсо 2017-жылдын ушул эле мезгилиндеги чыгашаларынан 1 млрд. 762 млн. 36,6 миң сомго көп болду дегенди билдирет (2016-жылы 17 млрд. 766 млн. 422 миң сом болчу). Экономикалык классификациялоодо беренелердин үлүшүнөн алып караганда, жергиликтүү бюджеттердин жалпы көлөмүндө жалпы маанидеги мамлекеттик кызматка (негизинен мэриянын аппаратын жана айыл өкмөттөрдү күтүүгө) кеткен чыгашалардын үлүшү бир кыйла өскөнүн байкоого болот (2.3-сүрөттү караңыз).




2.3-сүрөт – Жалпы көлөмгө карата жергиликтүү бюджеттердеги экономикалык беренелердин үлүшү Булак:КР Финансы министрлигинин маалыматтары боюнча автор тарабынан түзүлдү

Көңүл бурчу дагы бир жагдай, турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр беренеси боюнча чыгашалар туруктуу түрдө өсүүдө.

Жалпысынан алганда, шаарлардагы жана айылдардагы инфраструктуранын абалы бул чөйрө канчалык толук кандуу каржыланганына жараша болот. Бул инвестицияларды тартууда, чакан жана орто бизнестин өнүгүүсүндө, социалдык чөйрөнүн динамикасында маанилүү шарттардын бири болуп саналат.




Калктын жан башына ТКЧга кеткен чыгашалардын алкагында элеттик муниципалитеттерге жасалган анализ көрсөткөндөй, ТКЧ маселелерин чечүү үчүн ЖӨБ органы бир жашоочуга 15 сомдон 200 сомго чейин сарптаган 15 райондун ичинен Аламүдүн району сап башында турат. Бул райондо бир адамга ТКЧга кеткен чыгаша 1283 сомду түзөт. Калган райондор болсо орточо 212 сом сарптайт. Тогуз район үчүн ТКЧга кеткен чыгашалар белгисиз. КР Финансы министрлиги берген маалыматтарга ылайык, мындай чыгашалар жок. Буга байланыштуу элеттик муниципалитеттер мисалы, таштанды чыгарууга каражат сарптаган эмес деп айтуу оор. Мындай маалыматтарды эсепке алууда маселе бар болушу ыктымал (2.5-сүрөттү караңыз).



2.5-сүрөт – элеттик муниципалитеттердин ТКЧга кеткен чыгашаларынын рейтинги, калктын жан башына, сом менен, 2016-жыл. Булак: КР Финансы министрлигинин маалыматтары боюнча автор тарабынан түзүлдү

Калктын жан башына бөлүп караганда, КР шаарлары беш топко топтоштурулган. Алдыда бараткан топторго Кант жана Кадамжай шаарлары кирет. Бул шаарларда ТКЧны каржылоо бир жашоочуга 3,5 миң сомду түзөт. Сегиз шаардан турган 2-топтун сап башында Бишкек турат, бул жерде ТКЧны каржылоо бир жашоочуга 1,5-3 миң сомду түзөт. Тогуз шаар кирген үчүнчү топто ТКЧ бир жашоочуга 1-1,5 миң сом көлөмүндө каржыланат. 12 шаардан турган 4-5-топтордо ТКЧ бир жашоочуга 1 миң сомдон аз суммада каржыланат. Рейтингдин этегинде Айдаркен шаары турат. Бул жерде бир адамга жылына болгону 76 сом сарпталат (2016-жыл). Ал эми лидер – Кант шаары 46 эсе көп сарптайт – 3544 сом бөлөт (2.6-сүрөттү караңыз).




2.6-сүрөт - Шаарлардын ТКЧга кеткен чыгашаларынын рейтинги, калктын жан башына, сом менен, 2016-жыл. Булак: КР Финансы министрлигинин маалыматтары боюнча автор тарабынан түзүлдү

Ошентип, ТКЧга кеткен чыгашаларды жергиликтүү бюджеттерден каржылоо көрсөткөндөй, жалпы республика боюнча шаардык да, элеттик да инфраструктурага инвестициялоодо шаарлар менен айылдар ортосунда чоң айырма бар. Мындай кырдаал адамдардын жайлуу жана ыңгайлуу шаарларга,

айылдарга жер которуусуна түрткү болууда. Мындай көрүнүш аймактардын жана жалпысынан өлкөнүн СЭӨ көмөктөшпөйт.


КРнын жергиликтүү бюджеттеринин кирешесиндеги динамиканы карасак, республикалык бюджеттин кирешелеринин өсүш ыргагына салыштырмалуу жергиликтүү бюджеттердин кирешелери дээрлик көбөйбөй жатканын көрүүгө болот. Өсүш 2011-2012-жылдары гана байкалган, андан кийин үч жыл бою жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин жалпы көлөмүндө төмөндөө байкалган. Ошол эле маалда республикалык бюджеттин кирешелери туруктуу ыргак менен өсө берген. 2014-жылдан баштап жергиликтүү бюджеттердин көлөмдөрүндөгү динамика дээрлик өзгөргөн эмес. 2017-жылдан тартып гана жергиликтүү бюджеттердин үлүшү 1,5 пайызга көбөйдү (2.2-таблицаны караңыз).

2.2-таблица – Республикалык бюджеттин жалпы кирешелеринде жергиликтүү бюджеттин кирешелеринин үлүшү, жыйынтыкка карата пайыздар менен (2010-2010-жылдар аралыгы)




Булак: автор тарабынан түзүлдү

Кирешелердин туруктуулугу жана божомолдонушу жагынан айылдык аймактардын жергиликтүү бюджеттери шаарларга караганда туруктуураак жана божомолдосо болот, себеби бекитилген кирешелердин үлүшү шаарларда 23,1% болсо, аларда 36% түзөт (2.7-сүрөттү караңыз). Бирок ошол эле маалда кирешелердин 24,4 пайызы теңдештирүүчү гранттардын эсебинен түшөт, бул болсо жергиликтүү бюджеттерди көз каранды кылып жатат. Ал эми шаарларда теңдештирүүчү гранттардын үлүшү болгону 0,1% түзөт.




2.7-сүрөт – Элеттик жана шаардык ЖӨБгө бөлгөндө 2017-жылы жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин структурасы. Булагы:КР Финансы министрлигинин маалыматтары боюнча автор тарабынан түзүлдү

2017-жылдан тартып шаарлардын республикалык бюджеттен көз карандуулугу күчөдү. Айталы, шаарларда максаттуу трансферттер 4 эсе – 8,5 пайыздан 23,25 пайызга чейин өстү, ал эми жөнгө салынууучу кирешелердин көрсөткүчтөрү 71 пайыздан 53,7 пайызга төмөндөдү. Муну муниципалитеттерде жөнгө салынууучу кирешелердин көлөмү төмөндөгөнү менен түшүндүрсө болот. 2015-жылдын 31-декабрындагы №235 КР Мыйзамына ылайык, товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү экспорттоодон жана КР аймагынан




тышкары жайгашкан товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуудан салык алынбай калган.

Муниципалитеттердин бюджеттик башкаруусуна жасалган анализ муниципалитеттин бюджеттик саясатынын аспаптарын пландоого карата бир калыпта ыкма жок экенин көрсөттү. Жергиликтүү бюджеттердин бардык киреше базасынын 46% ашыгы Бишкек шаарында топтолгон жана 453 айыл өкмөтүндө 32,4% гана бар. Бул болсо таптакыр бир кылка болбогонунан кабар берет. Мындан тышкары 453 айыл өкмөттүн 71и дотацияда эмес. Алардын кирешелери болгону 1769,7 млн. сомду же бардык айыл өкмөттөрүнүн жалпы кирешесинен 44,9% түзөт (2017-жылы – 2281,0 млн. сом же 52,1%). Бул көйгөйдү чечүүнүн бир жолу – теңдештирүү системасын кайра карап чыгуу жана бюджеттик саясатты пландоо системасына интеграциялоо. Бул үчүн өзүнө төмөнкүлөрдү камтыган методологияны колдонуу зарыл: өнүгүү планын түзүүдө бюджет менен интеграцияланган иш-аракеттер регламенти; тапшырмаларды/иш-чараларды СЭӨ багыттары боюнча бөлүштүрүү методикасы; өнүгүү максаттарын, иш-чараларын, каржылоо булактарын бириктирген пландоону унификациялоо үчүн структурага салынган формалар, ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү жана күтүлгөн жыйынтыктар.

**“Социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын муниципалдык деңгээлде даярдоо процессин өркүндөтүүнүн жолдору” аттуу үчүнчү главада** муниципалитеттердин өнүгүү программаларын даярдоо процессин өркүндөтүүнүн жолдору сунушталды. Бул жолдор пландоону макулдашуу, чечим кабыл алууга жарандардын катышуу институтун (жол-жоболорун) киргизүү моделине, ЖӨБ органдары даярдаган программалардын методикаларына негизделет.

Биздин баамыбызда, пландоо институтун долбоорлоо жергиликтүү пландоонун маанилүү бөлүгү болуп калууга тийиш. Бул институт жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарына негизделет, мамлекеттик саясаттын артыкчылыктары менен макулдашылат. Келечекте СЭӨ программаларын пландоо өнүгүү программаларын даярдоого карата жаңы мамиленин негизинде түзүлүшү керек. Мындай мамиле жамааттардын формалдуу жана бейформал институттарына негизделген. Бул институттар жергиликтүү социалдык-экономикалык өнүгүү программалары менен мамлекеттик программаларды пландоону макулдашуу моделинин өзөгүн түзөт (3.1-сүрөттү караңыз).



3.1-сүрөт – Жергиликтүү социалдык-экономикалык өнүгүү программалары менен мамлекеттик программаларды пландоону макулдашуу модели. Булак: Автор тарабынан түзүлдү.

Бул модель пландоо процессинде бийликтин бардык катышуучуларынын ролдорун жана жоопкерчилигин өзгөртүүнү болжойт. Моделде башкаруу системасындагы стратегиялык жана программалык документтердин иерархиясы түзүлгөн. Ал мамлекеттик бийлик органдары менен ЖӨБ органдары ортосунда вертикаль боюнча да, горизонталь боюнча да түз жана кайтарым байланыш катары болот.

ЖӨБ органдарынын (31 шаар жана 453 айылдык аймак) деңгээлинде жогоруда сөз болгон моделдин негизинде социалдык-экономикалык өнүгүү программасын пландоонун алгоритмин киргизүүнү сунуштайбыз. Ал өнүгүү программаларын жергиликтүү жамааттын катышуусу менен пландоо Модели түрүндө болот (3.2-сүрөттү караңыз).



3.2-сүрөт.ЖӨБ органдарынын деңгээлинде өнүгүү программаларын пландоонун модели
Булак: Автор тарабынан түзүлдү.

Моделдин этаптары бюджеттик процесс, тандалма цикл, орто мөөнөттүү программалык пландоо өңдүү ЖӨБ системасындагы формалдаштырылган процесстерге байланышкан. Ошол эле кезде модель жергиликтүү жамааттардын тиричилигинин бейформал өзгөчөлүктөрүн, менталитеттин өзгөчөлүктөрүн чагылдырат. Бир жагынан модель мисалы, элеттик чогулушта маанилүү маалыматты талкуулоо адаты өңдүү жамааттын салттарын жана жүрүм-турумдук стереотиптерин эсепке алат. Экинчи жагынан кызмат көрсөтүүгө мониторинг жүргүзүү жана баалоо өңдүү катышуунун заманбап усулдарын колдонууну караштырат. Салт-санаалардын, башкарууда заманбап тенденциялардын жана КР мыйзамдарынын талаптарынын айкалышы моделди жандуу жана ийкемдүү кылат. Бул болсо өнүгүп-өсүп, зарыл болгон ресурстарды көбөйтүү менен жамааттын турмушундагы материалдык жана материалдык эмес шарттарды чындап жакшыртууга жол ачат. Изилдөөнүн алкагында жергиликтүү жамааттын муктаждыктарын жана керектөөлөрүн изилдөөнүн жыйынтыктарынын негизинде Биргелешкен аракеттер планын (БАП) даярдоо жолу менен СЭӨ программаларын иштеп чыгуу методикасы сунушталат.


*Жергиликтүү жамаат менен ЖӨБ органдарынын Биргелешкен аракеттер планы (БАП) – бул жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ортосунда диалог куруунун жана жергиликтүү өнүгүүнү биргелешип пландоонун алгачкы аспабы. Ал көйгөйлөрдү классификациялоого жана стратегиялык багыттарды аныктоого жардам берет.* БАП



жергиликтүү өнүгүүнү пландоонун жалпы процессинде база да, эки ортодогу этап да болуп эсептелет. БАП муниципалитеттин өнүгүү стратегиясынын же программасынын бир бөлүгү же аны ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планы боло алат. Ошондой эле БАПты өз алдынча да ишке ашырууга болот же ал өнүгүү жана башкаруу боюнча башка пландардын өзөгүн түзүшү мүмкүн. БАП даярдап жатканда жамааттын керектөөлөрүн биргелешип изилдөө процесси аяктаган учурдан тартып ишке ашыра баштаганга чейинки убакыт аралыгы 1-2 айды түзүшү ыктымал.

Программаны даярдоо моделин жана методикасын өркүндөтүүнүн өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен, эки айылдык аймакта – Боролдой жана Гүлистанда (Чүй жана Ош облустары), эки шаарда – Кара-Балта жана Караколдо (Ысык-Көл жана Чүй облустары) апробациялоо ишке ашты. Бул муниципалитеттер кокустан тандалып алынган эмес. Гүлистан АА жана Кара-Балта шаары өрөөн зонасында, ал эми Боролдой АА жана Каракол шаары тоо этегинде жайгашкандыктан тандалды. Башкача айтканда, алар түрдүү табигый-климаттык зоналарда орун алгандыктан жаратылышы боюнча да айырмаланат, өнүгүүнүн экономикалык жана социалдык факторлору да ар башкача болот. Калкынын саны, структурасы, бюджети жана муктаждыктары да түрдүү болгондуктан объективдүү баа берүүгө жол ачат. Мында артыкчылыктуу маселелердин саны жана БАП ишке ашырууга бөлүнгөн жергиликтүү бюджеттин ресурстары негизги көрсөткүч катары тандалып алынган. Программаларды даярдоонун моделдеринин жана методикаларынын колдонулушуна жасалган анализдин жыйынтыктарын сандар менен жалпылаштырганда төмөнкүдөй жыйынтык келип чыкты: 2016-жылы Боролдой ААда төрт артыкчылыктуу маселе пландалып, жергиликтүү бюджеттен 141,3 миң сом бөлүндү; 2017-жылы 430,0 миң сомго беш артыкчылыктуу маселе каржыланып, 1800,0 миң сомго инвестиция тартылды.

Гүлистан ААда 2016-жылы сегиз артыкчылыктуу маселе пландалып, жергиликтүү бюджеттен 2251,1 миң сом бөлүндү; 2017-жылы жергиликтүү бюджеттен 4503,0 миң сомго сегиз артыкчылыктуу маселе каржыланды, 3241,0 миң сому донордук уюм берген гранттын эсебинен болду, 1050,0 миң сому калктын салымы болду жана 7770,0 миң сому республикалык бюджеттен бөлүнгөн дем берүүчү гранттын эсебинен болду (3.3-сүрөттү караңыз).




3.3-сүрөт – 2016-2017-жылдары БАП боюнча артыкчылыктуу керектөөлөрдүн динамикасы (сом менен). Булак:Автор тарабынан түзүлдү.

2016-жылга салыштырмалуу 2017-жылдагы экономикалык көрсөткүчтөрдүн темпи өсپөгөнүнө карабастан, БАП иш жүзүндөгү көрсөткүчтөрү боюнча эффективдүүлүгүн баалоо оң жыйынтыктарды бергени

анықталды. Бороолдой ААда 430,0 миң сомдук беш артыкчылыктуу маселе боюнча жыйынтык болгон, Гүлистан ААда 4503,0 миң сомго төрт артыкчылыктуу маселе чечилген, ал эми төрт маселе кийинки жылга калган. Себеби бул тапшырмалар инфраструктуралык багытка киргендиктен бюджеттен тышкаркы кошумча каражатты тартууну талап кылат.

Ошентип, көрсөткүчтөр системасы эпсиз эмес, ашыкча маалыматтарды камтыбайт. Ошол эле маалда ал муниципалитеттеги кырдаалга баштапкы анализ жасоо, айрым бир ченемдик маанилерге да, башка ЖӨБ органдарындагы ушул өңдүү көрсөткүчтөргө да салыштыруу үчүн жетиштүү болуп саналат. Бул болсо өтө көйгөйлүү чөйрөлөрдү да, ыктымалдуу "экономикалык өсүштүн баштаттарын" да аныктоого жол ачат.

Баалоо көрсөткүчтөрүнүн системасын шаарлар боюнча колдонгон учурда Каракол "дотациядагы" муниципалитет категориясына, ал эми Кара-Балта "өзүн камсыздай алган" категорияга кирди. Караколдо калктын жан башына киреше 2526 сом болсо, Кара-Балтада 3838 сомду түздү (3.4-сүрөттү караңыз).



3.4-сүрөт – 2017-жылы калктын жан башына кирешелер боюнча шаарлардын рейтинги (трансферттерсиз), сом менен. Булак: Автор тарабынан түзүлдү.

Каракол жана Кара-Балта шаарларынын өнүгүү багыттары программанын максаттарында чагылдырылган. Экономикалык өнүгүү менен бир гана максат түздөн түз байланышта турат. Ал: "Шаардын экономикасынын туруктуу өсүшүн жана өнүгүүсүн камсыздоо". Шаардын өнүгүүсүндөгү калган багыттар көбүрөөк улуттук жана тармактык деңгээлдердеги программалардын тапшырмаларына жана чараларына тиешелүү. Ошентип, Кара-Балта жана Каракол шаарларынын программаларында тең салмактуулукту, ошондой эле өнүгүү максаттары менен артыкчылыктары тапшырмаларга жана белгиленген чараларга шайкеш келүүсүн камсыз кылыш керек.

Кара-Балта шаарынын өнүгүү программасында аны финансылык жактан камсыздоо маселеси "Бюджеттик жана Инвестициялык саясат" бөлүмүндө кеңири баяндалган. Ал бөлүмдө жергиликтүү бюджеттин кирешелеринин өсүшү; экономикалык жана социалдык инвестицияларды тартуу өңдүү камсыздоо боюнча чаралар каралган. Бирок программа калктын муктаждыктарына эмес, бизнес өңдүү "өнүгүү субъекттеринин" керектөөлөрүнө багыт алган. Каракол шаарынын өнүгүүсүнүн финансылык жактан камсыздалышы жалпы ырастоолор менен сүрөттөлгөн. Мунун баары калктын жан башына бюджеттин кирешелери менен тастыкталууда (3.4-сүрөттү караңыз). Мындан улам Каракол шаарынын программасын ишке ашырылышы так аныкталган эмес жана өнүгүү



максаттарына жетүү боюнча тапшырмаларды аткаруу ыктымалдуулугу да азайып жатат.




3.4-сүрөт. 2017-жылы калктын жан башына кирешелер боюнча шаарлардын рейтинги (трансферттерсиз), сом менен. Булак:Автор тарабынан түзүлдү.

Өнүгүү программасынын мындай абалы муниципалдык саясаттын маанилүү документин – өнүгүү программасын даярдоо процессин талаптагыдай регламенттештирүү жана институционалдаштыруу зарыл болгонун тастыктап турат.

Ошентип, өнүгүү программасын даярдоо жана ишке ашыруу процесси ченемдик-укуктук жактан камсыздалганына көз каранды болгонун эсепке алуу менен, төмөнкүдөй ченемдик-укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү сунушталат:

- "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 7-беренесинин 3-бөлүгүндө *жарандардын ЖӨБга катышуу формаларын кеңейтүү* сунушталат: жамааттын муктаждыктарын ЖӨБ органдары менен биргелешип изилдөө аркылуу жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жергиликтүү жамааттын катышуусу; аймактын СЭӨ программаларын даярдоого жергиликтүү жамааттын катышуусу. Бул болсо жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн болжол менен 4,1 пайыздан 23,3 пайызга чейин көбөйтүүгө; инвестицияларды 71,9 пайызга тартууга; өнүгүүнүн биргелешкен иш-аракеттер планын же программаларын 50 пайызга аткарууга жол ачат;
- "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 9-беренесин дагы бир ченем менен толуктоо сунушталат. ЖӨБ органдары аныктаган жана *мамлекеттик органдарга багытталган*, алдыга коюлган маселелерди маңызы боюнча милдеттүү түрдө каралышы керек болгон, ишке ашыруу үчүн тармактык мамлекеттик программаларга кошулушу керек болгон *жергиликтүү жамааттын суроо-талаптары жөнүндө ченемди* киргизүүнү сунуштайбыз. Бул болсо тармактык программаларга болжол менен 1-2 маселенин кошулушун камсыз кылат. Бул – биргелешкен иш-аракеттер планынын жалпы санынан 10-20 пайызды түзөт;
- «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» КР Мыйзамынын 2-беренесинин 2-бөлүгүн төмөнкүдөй редакцияда баяндоону сунуш кылабыз: Жергиликтүү мамлекеттик администрация – райондун аймагында КР министрликтеринин, мамлекеттик комитеттеринин жана башка мамлекеттик органдарынын *координациясын жана* макулдашылган иштерин, алардын ЖӨБ

органдары менен өз ара аракеттерин камсыз кылуучу жана берилген ишмилдеттер жана ыйгарым укуктар боюнча алардын иштерине мамлекеттик контролду жүзөгө ашыруучу, *ошондой эле райондун СЭӨ программасын ишке ашыруучу* аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы. Бул болсо райондордун СЭӨ боюнча 40 программасын түзүүнү камсыз кылып, ага жергиликтүү жамааттын муктаждыктарынын 10-20% кирет. Бул болсо жергиликтүү органда да, жалпысынан республика боюнча да туура пландоого жана экономиканын өсүшүнө көмөктөшөт.

## ТЫЯНАКТАР ЖАНА СУНУШТАМАЛАР

Жүргүзүлгөн изилдөө төмөнкүдөй тыянактарды жана сунуштарды формулировкалоого жол берет:

1. Өнүгүү программаларын пландоодо теориялык жана методологиялык ыкмаларды изилдөөнүн негизинде пландоо процесси бул жөн гана документти өнүгүү планы түрүндө түзүп коюу эмес экени аныкталды. Бул ошону менен бирге башкаруу органдары менен калк ортосундагы коммуникацияларды түзүү механизми да болуп саналат. Ал болсо биргелешип чечүү жолу менен керектөөлөрдү канааттандыруу, максаттуу программаларды түзүү үчүн жогору турган органдар менен байланыш түзүү үчүн колдонулат. Бул болсо экономикалык өсүшкө жетүүгө көмөктөшөт.

2. Жергиликтүү социалдык – экономикалык өнүгүү программаларын пландоонун сунушталган модели жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде пландоо системасын мамлекеттик пландоонун бүтүн системасына макулдашып туруп "киргизүүгө" жол ачат. Бул болсо жогору турган деңгээлде жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын эсепке алуу менен "төмөндөн жогору карай" принциби менен "жогорудан төмөнду карай" принцибинин айкалыштыгын камсыз кылат. Ошондо, "жогорудан төмөн карай" болгондо, жогоруда турган мамлекеттик органдар мамлекеттик программалардын регионалдык деңгээлде жана ЖӨБ деңгээлинде ишке ашырылышын камсыз кылышат. Ар бир муниципалитетте пландардын санына карабастан пландар менен программаларды өз ара тыгыз байланыштырып, бири-бирине байланышкан жана баш ийген системаны түзүү абдан маанилүү. Бул иерархия бюджеттик процесстин өзөгү болуп калат. Себеби бюджет программанын негизинде түзүлүүгө тийиш.

3. Аймактардын социалдык – экономикалык өнүгүү программаларын пландоо жаатындагы учурдагы практикага жасалган анализдин негизинде социалдык – экономикалык өнүгүү програмасы менен жергиликтүү деңгээлде бюджетти түзүүнүн ортосунда өз ара байланышта көйгөйлөр, түрдүү деңгээлдерде программалар макулдашылбаганы аныкталды. Буга байланыштуу мамлекеттик регионалдык пландоо жөнүндө КР Мыйзамын даярдап, кабыл алуу зарыл деп эсептейбиз. Бул Мыйзам төмөнкүлөрдү караштырат:

- программаларды пландоодо мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүнүн тартиби;



- жергиликтүү жамааттын керектөөлөрүн пландоо, аныктоо жана эсепке алуу процессине жарандардын катышуусу.

4. Кыргыз Республикасынын шаарларын жана айылдык аймактарын өнүктүрүү боюнча бирдиктүү ыкманы иштеп чыгуу максатында социалдык-экономикалык өнүгүү программасын даярдоо процессинин методикасын колдонуу сунушталат. Муну болсо жамааттын керектөөлөрүн биргелешеип изилдөөнүн жыйынтыктарынын жана бюджеттик пландоонун негизинде БАП даярдоо жолу менен ишке ашырса болот.

5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун институционалдык өнүгүүсү өркүндөтүлгөн пландоо системасын киргизүүнүн контекстинде окууну кошо киргизүүнү талап кылат. Анда ченемдик база менен кошо республикадагы муниципалдык кызматчылардын кадрдык, жүрүм-турумдук жана жеке өзгөчөлүктөрү эсепке алынат. Мындай шарттарда мамлекеттик да, муниципалдык да кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу актуалдуу болуп турат. Ошондой эле социалдык тажрыйбаны жана жергиликтүү жамааттын катышуусу менен кеңири талкуулоо практикасын да эске алуу сунушталат. Мындай көйгөйдү чечүү үчүн жарандардын катышуусунун төмөнкүдөй формаларын киргизүү зарыл: коомдук бюджеттик угуулар; түшкөн суроолор боюнча чогулуштар; сайттардагы маалыматты автоматташтыруу жана муниципалитеттердин маалымат тактасына илүү.

**6.** Регионалдык өнүгүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жаңы ролу пайда болгон шарттарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык-экономикалык абалынын көрсөткүчтөр системасы сунушталды. жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өнүгүү программаларын ишке ашыруу эффективдүүлүгүн баалоо салыштыруу жолу менен жүзөгө ашат. Мында тиешелүү жылдагы иш жүзүндө жетишилген көрсөткүчтөр бир жылга бекитилген максаттуу көрсөткүчтөр менен салыштырылат. Бул ийкемдүү жана салыштырмалуу оңой индикативдик аспап болуп калышы керек. Бул аспап шаардагы терс жана оң өзгөрүүлөрдү "өлчөп алууга" жардам берет. Сунушталган 18 көрсөткүч социалдык – экономикалык өнүгүү программалары муниципалитеттердин ыйгарым укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алуу менен аныкталдыбы же жокпу дегенди текшерет. Ошону менен бирге аны жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жеңил эле автоматташтыра алат.

Жалпысынан жаңы формалдуу институттарды киргизүү жана комплекстүү мыйзамдык актыларды, жылдык пландардын форматтарын иштеп чыгуу да, ошону менен бирге бейформал институттарды (жергиликтүү жамааттын катышуу маданияты) өнүктүрүү да Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн саясий эркин, министрликтерден, ведомстволордон жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын адистеринен, акыр аягы калктын өзүнөн чоң күч-аракетти талап кылат.

## Изилдөө темасы боюнча эмгектердин тизмеси

1. Суранчиева, Р.Дж. Жергиликтүү деңгээлде социалдык – экономикалык өнүгүү программасын пландоо процессин өркүндөтүү маселелери [Текст] / Р.Дж.Суранчиева // Кырг. экон. унив-нин Жарчысы. - 2015. - 2(32). - 180-183-беттер
2. Суранчиева, Р.Дж. Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын деңгээлинде социалдык – экономикалык өнүгүү программаларын пландоо. [Текст] / Р.Дж.Суранчиева // Кырг. экон. унив-нин Жарчысы. - 2016. - 2(36). - 113-116-беттер.
3. Суранчиева, Р.Дж. Кыргызстан – туруктуу экономикалык өнүгүүнүн жаңы институту катары индикативдик пландоонун жаңы модели [Текст] / Р.Дж. Суранчиева //"Экономиканын институционалдык трансформациясы: мейкиндик жана убакыт" (Жаштар секциясы), Бешинчи Эл аралык илимий-практикалык конференция, 2017-жылдын 24-27-май күндөрү. - Кемерово, 2017. - 65-74-бет.
4. Суранчиева, Р.Дж. Институционалдык өзгөрүүлөр пландоодо өнүгүүнүн жаңы вектору катары. [Текст] /Р.Дж.Суранчиева // "Политехникалык Жарчы. Сериясы: Интеллект. Инновациялар. Инвестициялар" илимий-теориялык журнал, № 2 (38) Тажикстан Республикасы, 2017. - 42-50-бет.
5. Суранчиева, Р.Дж. Кыргыз Республикасында муниципалитеттердин социалдык-экономикалык пландоо системасын институционалдык өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү [Текст] /Р.Дж.Суранчиева // "Заманбап илимдин инновациялык өнүгүүсү: көйгөйлөр, мыйзам ченемдүүлүк, келечеги" III Эл аралык илимий-практикалык конференция, 2017-жылдын 10-августу, Пенза шаары. - 315-318-беттер.
6. Суранчиева, Р.Дж. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу орандарынын программаларын пландоодо институционалдык өзгөрүүлөр региондорду өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүгү катары. [Текст] / Р.Дж.Суранчиева // Квартал сайын чыгуучу "Экономикалык жарчы" аттуу илимий-маалыматтык журнал, Проф. Ш. Мусакожоев атындагы Инновациялык экономика боюнча Илимий-изилдөө институту - 2018. – 2 (1) – 82-86-бет
7. Суранчиева, Р.Дж. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өнүгүү программаларын пландоону өркүндөтүү жолу менен регионалдык өнүгүүнү башкаруу. [Текст] / Р.Дж.Суранчиева // Квартал сайын чыгуучу "Экономикалык жарчы" аттуу илимий-маалыматтык журнал, Проф. Ш. Мусакожоев атындагы Инновациялык экономика боюнча Илимий-изилдөө институту - 2018. - 2 - 14-17-бет
8. Суранчиева, Р.Дж. Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын комплекстүү өнүгүүсү катары аймактардын өнүгүү программаларын пландоо [Текст] / Р.Дж.Суранчиева // "Кыргызстандын илими, жаңы технологиялары жана инновациялары" журналы №5 2018-жыл -108-112-беттер



**Суранчиева Роза Джекшеновнанын «Кыргыз Республикасында социалдык-экономикалык өнүгүү программасын муниципалдык деңгээлде даярдоо процессин өркүндөтүү» аттуу темадагы 08.00.05 – элдик чарбаны башкаруу жана экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** социалдык-экономикалык өнүгүү программасы; институт; муниципалитет, биргелешкен аракеттер планы, бюджеттөө.

**Изилдөөнүн объектиси:** муниципалдык деңгээлде социалдык-экономикалык өнүгүү программасын пландоо процесси.

**Изилдөөнүн предмети** болуп муниципалдык деңгээлде социалдык-экономикалык өнүгүү программасын пландоо процессинин ыкмалары жана инструменттери саналат.

**Изилдөөнүн максаты** болуп муниципалдык деңгээлде социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын даярдоо процессин жакшыртуу механизмдерин иштеп чыгуу саналат.

**Изилдөөнүн ыкмалары:** системдүү мамиле, анализ жана синтез, индукция жана дедукция ыкмалары, эксперттик баа берүү ыкмасы, жалпы илимий принциптер жана талдоо ыкмалары, экономикалык-статистикалык талдоо жыйынтыктары.

**Алынган жыйынтыктар:**

- аймактык саясатты өнүктүрүүнүн зарыл инструменти катары пландоонун программасынын механизмин колдонуу керек экендиги негизделди;
- жергиликтүү жааматтардын катышуусун эске алуу менен муниципалитеттин социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын пландоо процесси жакшыртылып, модели сунушталды;
- биргелешкен аракеттер планын түзүү негизги болгон социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын пландоо ыкмаларын киргизүүнү иштеп чыгуу жолу менен институционалдык кайра түзүү боюнча өнүгүү программасы сунушталды.
- максаттуу көрсөткүчтөрдүн белгилери тиешелүү жылга бекитилген муниципалитеттин өнүгүү программасын ишке ашыруунун эффективдүүлүгүнүн баасы сунушталды.

**Колдонуунун даражасы (чеги):**

Аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүүсү алардын каржылык жеткиликтүүлүктөрүнүн комплекстүү программаларын түзүүдө, пландоо институтун өзгөрүү моделин жергиликтүү деңгээлде мамлекеттик органдардын адистери талап кылынышы мүмкүн деген корутунду берилип жана сунушталып, негизги теориялык жобо болуп саналат. Аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүү программаларынын сунушталган методикасын түзүүдө каржылык пландалган биргелешкен иштердин планын түзүү институционалдык негизин жакшыртат.

**Колдонуу тармагы:**

диссертациянын жыйынтыктары жергиликтүү маанидеги башкарууда пландоо көйгөйлөрүн илимий изилдөөлөрдө теориялык база катары кызмат кылышы мүмкүн жана КРнын ЖОЖдорунун: «Аймактык экономика», «Муниципалдык экономика» сабактары боюнча колдонулушу мүмкүн. Ошондой эле изилдөөнүн жыйынтыктарын жергиликтүү өз алдынча органдар социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын иштеп чыгууда колдонсо болот.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Сураничевой Розы Джекшеновны на тему «Совершенствование процесса подготовки программы социально-экономического развития на муниципальном уровне в Кыргызской Республике», на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 – экономика и управление народным хозяйством**

**Ключевые слова:** программа социально-экономического развития; институт; органы местного самоуправления, план совместных действий, бюджетирование.

**Объект исследования:** процесс подготовки программы социально-экономического развития на муниципальном уровне.

**Предметом исследования** является методы и инструменты процесса подготовки программы социально-экономического развития на муниципальном уровне.

**Целью исследования** является совершенствование механизмов подготовки программ социально-экономического развития на муниципальном уровне.

**Методы исследования:** системный подход, анализ и синтез, методы индукции и дедукции, метод экспертных оценок, общенаучные принципы и методы исследования; экономико-статистический анализ полученных результатов.

**Полученные результаты:**

- обоснована необходимость применения механизма разработки программ развития как важнейшего инструмента региональной политики;
- усовершенствована и предложена модель планирования программы социально-экономического развития муниципалитета, с участием местного сообщества в этом процессе;
- предложено институциональное преобразование программ развития путем внедрения методики разработки программы социально-экономического развития, основой которой является составление Плана совместных действий.
- предложена оценка эффективности реализации программ развития муницмпалитетов на основе показателей за соответствующий год с утвержденными на год значениями целевых показателей

**Степень использования:** заключается в том, что основные теоретические положения, выводы и рекомендуемая модель изменения института планирования на местном уровне могут быть востребованы специалистами государственных органов при разработке комплексных программ социально-экономического развития территорий и их финансовой самодостаточности. А предлагаемая методика разработки программы социально-экономического развития территории улучшит институциональную основу создания Плана совместных действий с бюджетным планированием.

**Область применения:** выводы диссертации могут служить теоретической базой для дальнейших научных исследований проблем планирования на местном уровне управления, и использованы в вузах КР в преподавании дисциплин: «Региональная экономика», «Муниципальная экономика». Также в возможности использования его основных положений и результатов при разработке программы социально-экономического развития органами МСУ города и айылного аймака.



**RESUME**

**Suranchieva Rosa's dissertation theme: "Perfection of preparation process of the socio-economic development program at municipal level in Kyrgyz Republic", on the competition of graduate degree of candidate of economic sciences on speciality 08.00.05 - economy and national economy management.**

**Keywords:** program of socio-economic development; institute, municipality, join action plan, budgeting.

**Object of the research:** planning process of the socio-economic development program at the municipal level.

**The article of research** is methods and instruments of planning process of the socio-economic development program at the municipal level.

**Purpose of this research is working** is to improve the mechanisms for preparing programs of socio-economic development at the municipal level.

**Research methods:** approach of the systems, analysis and synthesis, methods of induction and deduction, method of expert estimations, scientific principles and research methods; economy and statistic analysis of the got results.

**Got results:**

- the necessity of application of planning mechanism of the development programs is reasonable as a major instrument of regional politics;
- the model of planning of the socio-economic development program of municipality is improved and offer, with participation a local community in this process;
- institutional transformation offers of the development programs by introduction of methodology of development of the socio-economic development program, basis of that is drafting of join action plan.
- the estimation of efficiency realization of the development programs of municipality authorities offers on the basis of indexes for a corresponding year with the values of having a special purpose indexes ratified on a year.

**Degree of the use:** consists in that substantive theoretical provisions, conclusions and recommendable model change of planning institute, at local level can be highly sought by the specialists of public authorities at complex program of socio-economic development of territories and their financial all-sufficientness development. And the offered methodology of the development program of socio-economic development of territory will improve institutional basis of creation of join action plan with the budgetary planning.

**Application domain:** the conclusions of dissertation can serve as a theoretical base for further scientific researches of planning problems at local level management, and used in institutions of higher learning of KR in teaching of disciplines : "Regional economy", "Municipal economy". Also in the possibility of using its key provisions and results in the development of a program of socio-economic development by local self-government bodies of the city and aiyl aimak.

Формат 60х84 $^{1}/_{16}$. Объем 1,75 п.л. уч.-изд.л.
Печать офсетная.
Тираж 50 экз.
Отпечатано в типографии Ч.П. «Аязбеков Алмазбек»
г. Бишкек, пр. Чуй, 215.
тел.: (+996554) 74-74-67.